**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ УКУКТУК
ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**К.КАРАСАЕВ атындагы
БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ – ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 09.16.534

Кол жазма укугунда
**УДК: 130.2:34 (575.2) (043.3)**

**ИМАНБАЕВА ДИНА НИГМАТУЛЛАЕВНА**

# КАЗАХСТАН МЕНЕН КЫРГЫЗСТАНДЫН ШАРТТАРЫНДАГЫ УКУК СИСТЕМАСЫНЫН СОЦИОМАДАНИЙ ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ: КОМПАРАТИВИСТИК ЫКМА

09.00.11 – социалдык философия

Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферататы**

**Бишкек-2017**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институнун социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмүндө аткарылды.

**Илимий жетекчи:** философия илимдеринин доктору, профессор **Стамова Рахат Дуйшембуевна**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **Исмаилова Эмилия Иринчеевна**

философия илимдеринин кандидаты, доцент **Осмонова Нургул Исраиловна**

**Жетектөөчү мекеме** Кыргызстан Эл аралык университетинин Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин философия кафедрасы Бишкек шаары, Л. Толстой көчөсү 114

Диссертациялык иш 2017-жылдын "26" майында саат 12.00.дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин жана Кыргыз-түрк "Манас" университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.).

Автореферат 2017-жылдын "21" 04 таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент** **Н.С.Акматова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Укук коомдук мамилелерди тескөөнүн бирден-бир манилүү түрлөрүнөн болуп эсептелүү менен узак тарыхый мезгилдер бою маданияттын жана кенири маанисинде аны жараткан цивилизациянын белгилүү бир белгилерин алып жүрүүчү феномендерге таандык болгон. Бирок XIX кылымда Азиянын бир катар мамлекеттеринде негизинен олуттуу цивилизациялык алдыга жылуулар болуп, ал биринчи кезекте укук системасына тийиштүү болгон. XX кылымда аталган процесс олуттуу түрдө күчөп, анын жардамы аркасында бүгүнкү күнү мамлекет менен социумдун тигил же бул укуктук үй-бүлөсүнө тийиштүүлүк жаатында, алардын цивилизациялык тийиштүүлүк, спецификасынан көз карандысыз түрдө римдик укуктун негизинде пайда болгон римдик укуктун же укуктук үй-бүлөнүн салттарынын түз же кыйыр мураскерлери болуп эсептелеери менен айырмаланат.

Казахстан менен Кыргызстан укуктук өнүттө римдик-германдык укуктук үй-бүлөгө таандык. Биздин мамлекеттердин калкы бизде функцияланышкан укук системасы менен ушунчалык көнүшүп, заттардын мындай абалы өз алдынча кандайдыр-бир өзгөчөлүк менен сунушталат. Бирок эгерде көнүл борборуна казак жана кыргыз элдеринин маданий-цивилизациялык спецификасын эске алып, аны менен бирге биздин эл аркылуу чет жердик укукту кабыл алган конкреттүү тарыхый кырдаалын четке каккан болсо, анда заттардын мындай абалы парадоксалдуулук белгилерине ээ болот.

Ар кыл тармактагы кенири илимий абадияттан эмне үчүн Европада салыштырмалуу узака созулган тарыхый тыныгуудан кийин рим укугуна болгон талап пайда болгондугун табууга болот. Бирок рим укугунун жаралуусу менен байланышкан башка абдан маанилүү чек эмнегедир изилдөөчүлөрдүн көнүл борборунан алыстап кетти. Биз жаны жана эн жаны тарыхый мезгилдеги олуттуу толукталган рим укугу европалык дүйнөнүн, цивилизациянын чегинен тышкары бир кыйлага чыгып, башка цивилизацияларга таандык болгон мамлекеттерге киргизилген. Албетте, дээрлик бардык учурларда ал танууланган. Бирок аталган факт кандай гана болбосун эмне үчүн рим-германдык укук башка маданий өнүттө абдан бекем орноп, тышкы басым олуттуу түрдө төмөндөгөнүн, ал маанилүү кайра өзгөрүүсүз бойдон калгандыгын түшүндүрбөйт. Кептин баары, укук көптөгөн кылымдар аралыгында калыптанган татаал жана кыйла карама-каршы маданий феномендерге таандык болушунда, сырттан келген бир укук системасын башкасына алмаштыруу процесси көпчүлүк учурларда көнүл оорутарлык эле эмес, заттардын табигый жүрүшүн бузуучу жана ошол себептен туруксуз, артка тартууга жөндөмдүү келет. Адамзат тарыхында тигил же бул эл жеке, нукура маданиятына кайтып келгендиги, тышкы басым гана кандайдыр-бир себептер менен начарлагандыгы

туурасынданы мисалдарды табууга болот. Бирок рим укугунун учурунда биз танууланган же өздөштүрүлгөн укук системасы башка чоочун маданий өнүттө өз алдынча жана толук кандуу жашоосун уланткандыгы, мисалы, кыргыз, казак элдери менен болгон учур таасын мисал болуп берет.

Аталган фактыга юридикалык же тарыхый илимдин чегинде толук, ынанымдуу түшүндүрмө берүү, биздин пикирибизде, мүмкүн болуп эсептелбейт, андыктан укука жана тарыхка түздөн-түз мамилеси жок көптөгөн башка кырдаалдар менен тараптарды эске алуу зарыл. Философия биз эсептегендей, ал үчүн чон мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, албетте, биз айтып кеткен маданий парадокско кыйла толук түшүндүрмө бере алат.

Кыргыз жана казах элдеринин тарыхы, маданияты, эгерде биз көнүлүбүздү жекеликтерге, майда-баратка багыттай турган болсок, анда көптөгөн кыйынчылыктарга ээ болот, андыктан көптөгөн элдердин тилдеги, менталитеттеги ж.б.у.с. белгилүү бир окшоштуктарына карабастан бул тарых жана маданият. Экинчи жагынан, биздин изилдөөбүз эгерде биз өз көнүлүбүздү аталган жекеликтерге буруп, андан жалпыны жана аны мене бирге укукка таандыгы барлардын олуттуу маанисин эске албай койсок маани-манызга ээ болмок эмес.

Ошентип, жогоруда айтылгандар изилдөөнүн тандалып алынган темасынын актуалдуулугун шарттап турат.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы**. Диссертациялык иштин темасы КРнын УИАнын тармактык программасына жана философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Изилдөөнүн **объектиси** катары укук адамдын ишмердүүлүгүнүн социалдык-рухий жашоосунун комплекстүү феномени кызмат кылат. Изилдөөнүн **предмети** катары укуктун түрлөрү жана ар кыл элдердин маданияттарындагы алардын алмашуусунун мыйзам ченемдүүлүктөрү жана бекитилүүсү эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн **максаты** болуп Казахстан менен Кыргызстандагы ар кыл укук системасынын алмашуусунун жана бекитилүүсүнүн себептерин жана өзгөчөлүктөрүн социалдык-компаративистик ыкма методун колдонуу менен социалдык-философиялык талдоо жүргүзүү эсептелет.

Белгиленген максатка ылайык иштин төмөнкү **милдеттери** аныкталды:

-байыркы грек маданиятынын антикалык укук системасына тийгизген таасиринин мүнөзүн аныктоо, рим укугунун социомаданий шартталуусун ачып берүү;

-заманбап дүйнөдөгү рим укугунун кайра жаралуусунун жана таралуусунун социалдык-тарыхый себептерин ачып берүү;

-казактар менен кыргыздардын тарыхынын салттуу мезгилиндеги укуктарынын өзгөчөлүктөрүн социалдык-философиялык анализге алуу жана ачып берүү;

-казак жана кыргыз укугунун тарыхтын россиялык мезгилиндеги трансформацияланууу процессине болгон конкреттүү-тарыхый талдоону жүзөгө ашыруу;

-эгемендүүлүк шарттарындагы Казахстан менен Кыргызстандын укуктук системаларынын трансформациялануу процессин философиялык-компаративистик талдоого алуу жана эки бир тууган республикалардын мамлекеттик-укуктук калыптануу, өнүгүү процессиндеги жалпылыгын жана жекелигин ачып берүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Казахстан менен Кыргызстандын азыркы күндөргө чейинки философиялык ойломунда адаттык жана советтик - эки укук системасынын түп-орду менен болгон алмашуусуна байланышкан себептерин жана маселелерин изилдөө жүргүзүлгөн эмес, андыктан аталган диссертациялык изилдөө алгачкылардан болуп эсептелет.

Илимий жаныл ыктын конкреттүү элементтери төмөндөгүлөрдө турат:

-байыркы грек маданиятынын антикалык тарыхый мезгилде пайда болгон укук системасына тийгизген таасиринин мүнөзү жана денгээли аныкталды;

-рим укугунун ар кыл маданий тармактарга ийгиликтүү таралуусунун жана жаралуусунун себептери ачылып берилди;

-римдик-германдык укук системасы бекип, заманбап Казахстан менен Кыргызстанда ийгиликтүү өнүгүүсүнүн себептери аныкталды.

Илимий жаныл ыка максаттуу укуктук системаны өздөштүрүү жана киргизүү маселелерин талдоого алуудагы социалдык-философиялык компаративистик ыкманы жүзөгө ашыруу аракетин таандык кылууга болот.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык жана теоретикалык негиздерин** заманбап укук системасынын алмашуу жана калыптануу маселелери менен байланышкан чет элдик, казак, кыргыз философиялык жана укуктук ойломунун өкүлдөрүнүн көз караштары, идеялары жана эмгектери түздү. Изилдөө процессинде илимий таанымдын тарыхый, формалдуу-логикалык жана системалык методдору колдонулду. Изилдөөнүн методологиясы коомдук-тарыхый өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарынын пайда болуусун таанууда негизделген.

Изилдөөдө казак менен кыргыздын адаттык укук системасынын маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрүн, андан тышкары теоретикалык формада маныздуу түрдө Казахстан менен Кыргызстандагы, болгон айырмачылыктарга карабастан жалпылык жана жакындык басымдуулук кылган укук системасынын өнүгүүсүндөгү жалпылыгын жана жекелигин ачып берүүгө, билдирүүгө шарт түзгөн социалдык-философиялык

компаративистик ыкманы эске алуучу цивилизациялык ыкма пайдаланылды.

**Изилдөөнүн теоретикалык жана практикалык мааниси** заманбап мезгилдеги рим укугунун жаралуусунун жана таралуусунун себептери, Казахстан менен Кыргызстандын тарыхтын ар кыл мезгилдериндеги, анын ичинде азыркы мезгилдеги укуктук системаларынын трансформациясынын мүнөзү туурасындагы социалдык-философиялык билимдерди терендетүүдө жана кенейтүүдө турат. Социалдык-философиялык концепцияга жалпыланган диссертациянын материалдары, андан тышкары изилдөөнүнү корутундулары менен жоболору бир тууган республикалардагы заманбап укуктук жана коомдук процесстерди талдоого алууда, андан тышкары алар Казахстан менен Кыргызстандагы укук институттарынын андан аркы калыптануусуну менен байланышкан маселелерди изилдөөдө колдонулушу толук ыктымал.

Диссертациянын материалдары, андан тышкары теоретикалык-методологиялык ымалары, принциптери, жоболору, изилдөөнүн корутундулары менен жыйынтыктары социалдык философия, укук философиясы, философиянын тарыхы, маданият философиясы, маданият таануу, дүйнөлүк маданияттын тарыхы, глобалистика ж.б. гуманитардык дисциплиналар боюнча атайын курстарды түзүүдө колдонулат.

Диссертациянын материалдары жогоруда аталган дисциплиналар боюнча ВУЗда лекцияларды окууда колдонулушу ыктымал.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

**1.** Казак жана кыргыз эли үчүн укуктун өнүгүүсү кандайча болгондугуна эле эмес, укуктун жаны системасына өтүү кандайча жүзөгө ашырылгандыгындагы да көптөгөн окшоштуктар мүнөздүү. Аталган окшоштуктар менен дал келишүүлөр белгилүү бир ченемде эки кырдаал менен шартталган. Биринчиден, чегинде биз болжол менен бирдей убакытта жашап өткөн казак менен кыргыздардын жалпы маданий негизи, алардын бир эле көчмөн цивилизацияга болгон тийиштүүлүгү менен. Экинчиден, казактар менен кыргыздардын адегенде россиялык, андан кийин советтик, анан барып заманбап укук системасына өтүшкөн тарыхый кырдаалдардын чон окшоштугу менен.

**2.** Батыш дүйнөсү орто кылымдык феодализм доорун кыйгап өтүп, капитализмдин жаны дооруна кирүү менен кыйла жогорку денгээлде римдик укуктук системаны жараткан. Ал коомдук мамилелерди ийгиликтүү жөнгө салуу үчүн бардык зарыл шарттарга ээ болуу менен эмгектин интенсификациясы үчүн тоскоолдуктарды алып салууга жана өндүрүштүк ишмердүүлүктөн жана пайдадан максималдуу эффекти алууга багытталган. Рим укугу негизделген жана узак тарыхый мезгилде калыптанган принциптер толук түрдө жаны капиталистик реалдуулука ыктаган. Рим мамлекети пайда болгон принциптер менен бирге рим укугуна болгон талап

пайда болуп, юридикалык формада Рим мамлекети менен коомунун манызы берилген.

**3.** Заманбап европалык укук олуттуу колдоого ээ болуп, ылайыктуу экономикалык жана саясий шарттар бышып жетилген. Романдык-германдык укук өзү үчүн башка европалык эмес, анын ичинде Казахстан менен Кыргызстанда, цивилизациялык система, парадигма менен жагымдуу өзөктү тапты, аталган мамлекеттердин көптөгөн аракеттеринин жардамы аркасында экономикалык жан технологиялык артта калуусун алдын алууга болот.

**4.** Казактар менен кыргыздардын жаны цивилизациялык абалга өтүүсү өзгөчө тарыхтын советтик мезгилдеги Россиялык мамлекеттен келип чыккан олуттуу тышкы таасирине карабастан болуп өткөн. Андыктан советтик мамлекеттин тоталитардык тиби көпчүлүк жагынан советтик реформалардын акыркы натыйжаларын эле эмес, алардын жүзөгө ашырылуусунун мүнөзүн жана ылдамдыгын да алдын ала аныктаган. Советтик мамлекет өзүнүн негизги максаты - жалпы жаргалчылык коомду курууга жетпей калгандыгына карабастан, ал эки элдин тен цивицилизациялык негиздерин олуттуу денгээлде өзгөрткөн бир катар радикалдуу реформаларды жүзөгө ашырды.

**5.** Азыркы мезгилде казак жана кыргыз маданияты салттуу, индустриалдык маданияттын элементтерин камтып, белгилүү бир денгээлде биздин өлкөлөрдүн укуктук системаларына болбосо да, укук субъектилеринин укуктук ан-сезимине жана алардын укуктук жүрүм-турумуна таасирин тийгизет, Казахстан менен Кыргызстандын укуктук өнүгүүсүндөгү бирден-бир негизги карама-каршылыкты жаратат. Укуктун өнүгүүсүнүн жогорку денгээли менен мүнөздөлгөн коомдун өнүгүү абалына, фазасына өтүү адаттык укуктун баштапкы, тарыхый системасынын алмашуусу менен байланышкан. Аталган карама-каршылык бир эле мезгилде татаал чечилүүчү маселелерден болуп эсептелет, андыктан биринчиден, укуктук системаны жөн гана алмаштырууга караганда, чон күч-аракетти жана убакытты талап кылат, экинчиден, белгилүү бир цивилизациялык “катачылыктар”, кабыл алынуучу, өздөштүрүлүүчү баштапкы маданияттын дал келишпөөсү менен түз же кыйыр түрүндө байланышкан.

**6.** Казахстан менен Кыргызстанда жыйырма беш жылдан ашуун аралагында орноп калган баалуулуктар, тартип жана укуктук система кийинки баалуулуктарды, эрежени жана укуктук системаны четке кагышат. Албетте, толугу менен эмес, бирок байкалаарлык денгээлде. Казахстан менен Кыргызстан өзүнө мүнөздүү болгон укуктук жана баалуулук системасы менен жарандык коомго карай багыт алууда, ал көпчүлүк жагынан салттуу институттарга жана баалуулуктарга карата оппозицияда турушат. Бирок, заманбап глобалдык тенденцияларыд эске алуу менен

бизде тандалып алынган багыт боюнча баруудан башка альтернатива жок, албетте, ал биздин элдердин улуттук рухий баалуулуктарын эске алуу менен укукка таандык болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Казахстан менен Кыргызстандагы укук системасынын калыптануу процессиндеги социалдык-философиялык анализдин негизиндеги негизги илимий жыйынтыктар жана жоболор менен аныкталат.

**Иштин апробацияланышы**. Илимий изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан ар кыл илимий конференциялардын материалдарында, андан тышкары жаш окумуштуулардын илимий эмгектеринин илимий басылмаларында, жыйнактарында (2014, 2015, 2016), анын ичинде чет элдик илимий басылмадарда, "Казахстан Республикасынын Улуттук академиясынын Жарчысында" апробацияланган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы**. Диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун илимдин тарыхы жана философиясы кафедрасынын, социалдык философия, эстетика жана этика, тааным теориясы, бөлүмдөрүнүн кенейтилген отурумунда талкууга алынган.

Диссертациянын темасы боюнча 13 макала, анын ичинде 5 макала РИНЦте жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы** изилдөөнүн максаттары менен милдеттерине туура келет. Диссертациялык иш киришүүдөн, беш параграфты камтыган эки баптан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын көлөмү - 168 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен объектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Антикалык маданият рим укугунун маданий-цивилизациялык негизи катары»** аттуу диссертациянын биринчи бапында байыркы грек маданиятынын укуктун антикалык системасына тийгизген таасиринин мүнөзү аныкталып, заманбап мезгилдеги рим укугунун жаралуу жана таралуу себептери ачылып берилет.

Биринчи баптын **«Байыркы грек маданиятынын антикалык укука тийгизген таасиринин мүнөзү»** деген биринчи параграфында байыркы грек маданиятынын антикалык укук системасына тийгизген таасиринин мүнөзү аныкталат.

Рим империясы, органикалык жана кыйла өнүккөн бөлүгү болуп эсептелген рим маданияты сыяктуу эле Байыркы Греция менен катар келечекте европалык цивилизациянын бирден-бир маанилүү негиздеринен болуп калган антикалык дүйнөнү түзүшкөн. Анын үстүнө ал ар кыл ченемде жана жол менен жүзөгө ашырылат.

Байыркы Грециядагы мыйзам чыгаруучулук система, б.а. бардык жарандардын аткаруусу милдеттүү болгон мыйзамдарды иштеп чыгуу милдети жүктөлгөн система грек, тагыраак айтканда жалпы гректик укукту түзүүдө кыйла олуттуу эмес ролду ойногон. Алсак, Спарта жазма мыйзамдарга ээ болбостон формалдуу эмес эрежелер жана нормалар боюнча жашаган, ал эми Афиналар гректик полистик-мамлекеттердин ичинен өнүккөн укуктук жааттагы мамлекет болуу менен башка грек мамлекеттерине өзүнүн мыйзамдарын таратышкан эмес, анын үстүнө азыркы мезгилге чейин римдик укуктан айырмаланып нукуралыка жетишкен жок.

Гректер римдин элине интеллектуалдык эле эмес, ал тургай башка көпчүлүк жагынан жол бербестен, римдиктерге караганда укуктук чыгармачылык маселелеринде азыраак жөндөмдүү, көрүнүктүү болуп калышкан.

Байыркы грек жана Рим укуктук системасы ич ара олуттуу түрдө көлөмү, мүнөзү жана иштелип чыгуу денгээли, коомдук, мамлекеттик жашоого болгон таасиринин денгээли жана о.э. башка белгилери, өзгөчөлүктөрү боюнча айырмаланышат. Бирок аталган өзгөчөлүктөрдүн мааниси бизге маалым болгондой, көбүртүп-жабыртып жиберүүнүн кереги жок. Өзүнүн руху боюнча кыйла жакын грек жана рим маданияты, өзүнүн жыйындысында пайда болгон антикалык дүйнө бир эле өзөктөн өсүп чыгышып, айырмачылыктар менен катар, ошондой болсо да коншу эки элдин белгилүү бир тарыхый, маданий жана менталдуу жакындыгында негизделген грек жана рим укугунун кээ бир окшоштугу болгондугу туурасындагы фактыны түшүндүрөт. Биз биринчи кезекте, рим укуктук системасы, гректердикиндей эле эки антикалык маданияттын терен жекелик табиятында, демек байыркы гректер менен римдиктердин өздүк менталдуулугунда негизделген.

Гректерге таандык жекелик рух адегенде өзүлөрүндө, андан кийин римдиктер тарабанын өздөштүрүлгөн. Ал гректерге эле эмес, аларга да таандык болуп, адегенде көбүнчө алардын жардамы менен негизинде гректер менен римдиктердин жакын менталдуулугу жаткан антикалык дүйнө пайда болгондугу толук ыктымал. Калыбы, эгерде алардын менталитети олуттуу түрдө ажыраган болсо, антикалык дүйнө белгилүү болгондой, өзүнө грек жана рим маданиятын камтып туруусу мүмкүн болмок эмес. Аталган кырдаалды тактоо бизге зарыл болгон, анткени биз боолгологондой, Рим укугу маданияттын продуктусу катары кызмат

кылып, анын бирден-бир негизи болуп практика, индивидуалдуулук философиясы жана жалпы жетишүүнүн руху, пайдалар эсептелет. Аталган жетиштүү рух гректерге да таандык болгон. Катаал маанисинде пайдага, тигил же бул ченемдеги материалдык жыргалчылыка болгон далалат качандыр бир кезде пайда болгон бардык элдерге таандык, андыктан аталган аракет адамдын ток, жыргалчылыктуу жана коопсуз жашоосундагы табигый муктаждыгына негизделет. Айырмачылыгы болгону аталган муктаждыкты канаттандыруунун денгээлинде, формаларында, ыкмаларында, андан тышкары өзүнүн жыйындысында цивилизациялык спецификаны пайда кылган формалар менен ыкмаларды пайдалануунун ийгилигинде жана узактыгында турат.

Байыркы Греция, белгилүү болгондой, дүйнөлүк маданиятка, тагыраак айтканда саясий чөйрөдө олуттуу салымын кошуп, жүз жылдар бою гректер обочолонгон полистик-мамлекеттерде жашашкан өзгөчө формадагы эксперименталдык аянтчаны элестетүү менен мамлекеттик башкаруунун мүмкүн болгон бардык формаларын байкап көрүп, мамлекеттик түзүлүш менен башкаруунун оптималдуу формасын табууга аракет кылышкан. Аталган мамлекеттердин салыштырмалуу анча чон эмес көлөмдөрү калктын ылайыктуу саны менен аларга көнүл борборун укуктук чыгармачылыка буруууга шар түзгөн, андыктан коомдук мамилелер салттуу нормалар менен эффективдүү жана арзан жөнгө салынган. Гректер үчүн укуктук маселеге караганда, саясий түзүлүш маселеси кыйла маанилүү болгон, анткени катаал атаандаштык шарттарында коншу мамлекеттердегидей эле, башка полистерде мамлекеттин саясий эффективдүүлүгү анын жыргалчылыгы менен жашоосуна барабар болгон. Аталган бардык факторлор грек элинин чыгармачылык, жаратуучулук руху саясий маселелерди чечүүгө, мамлекеттин жыргалчылыгына багытталган.

Биринчи баптын "**Заманбап дүйнөдөгү рим укугунун жаралуу жана таралуу себептери**" аттуу экинчи параграфында заманбап мезгилдеги рим укугунун жаралуу жана таралуу себептери ачылып берилет.

Бир катар европалык мамлекеттер XV кылымдын экинчи жарымынан баштапглобалдык коллониялаштыруу активдүү саясатына киришип, баш ийдирилген кенири аймактарда өзүнүн маданиятын синирип, тараткан. Ийгиликтүү коллониялык саясаттын жардамы аркасында европалыктар дээрлик беш жүз жылдыктын аралыгында дүйнөнүн ири бөлүгүнө римдик жана англосаксондук укуктун рецепциясынын негизинде пайда болгон романдык-германдык укук аталышына ээ болуп, өзүнө Улуу Британиянын жана мурунку британиялык коллониялардын бир катар өлкөлөрүнүн, анын ичинде улуттардын Ынтымактуулугу мамлекеттеринин топторунун жана АКШнын укук системаларын камтыган эки укуктук системаны киргизе алган.

Рим укугунун жаралуусу жана анын реалдуу юридикалык практикага кирүүсү үчүн экономикалык, социалдык, саясий жана маданий шарттардын, объективдүү өбөлгөлөрдүн бир катар комплекси зарыл.

Рим укугуна болгон кызыгуу, аны калыптанып калган укуктук системага киргизүү аракети биринчи кезекте кубаттуу борборлоштурулган бийлиги бар мамлекеттерди интенсивдүү калыптандыруу же күчөтүү менен байланышкан.

Шаарлардын өсүүсү жана башында буржуазия менен жумушчулар турган жаны таптардын пайда болуусу менен шартталган экономикалык мамилелердин интенсивдүү өнүгүүсү, жалпы улуттук базардын калыптануусу туруктуу түрдө мурунку укуктук адаттарда эмес, кыйла жакшыртылган жеке кесиптик укуктун негизинде ийгиликтүү жүзөгө ашырыла турган жана дайыма татаалдашып, интенсификациялана турган коомдук мамилелерди кыйла эффективдүү жөнгө салууну талап кылган. Францияда римдик укук, тагыраак айтканда, анын француздук модификациясы укуктук адаттардын үстүнөн болгон толук тен салмактуулука ээ болгондон кийин, ошол адаттар менен ар бир эле аймак эмес, ар бир социалдык топ, катмар жашаган.

Жогоруда аталган факторлор – албетте, европа мамлекеттеринин глобалдык коллониялык экспансиясын эске албаганда – биринчи кезекте, эмне үчүн рим укугу жаралган, андан кийин романдык-германдык (континенталдык) укуктук үй-бүлөнүн калыптануусу үчүн негиз болуп калганын түшүндүрөт. Бирок бизди эмне үчүн көпчүлүк элдер жана олуттуу бөлүгү башка цивилизацияларга таандык дүйнө мамлекеттери башка укуктук, баалуулук базага ээ болгондугу көбүрөөк кызыктырат, анын ичинде Кыргызстан менен Казакстан акыр аягында олуттуу тарыхый, маданий жана менталдык айырмачылыктарга карабастан континенталдык укук системасын кабыл алды.

Римдик укук кыйла өнүккөн жана кеч абалында өзүнө белгилүү бир эрежелер менен иштеген, кесипкөй юристер менен тейленген механизмди камтып турат. Мындай учурда кеп, өз ишмердүүлүктөрүн жүзөгө ашырып, кесип аныктамасына б.а. адамдын эмгектик активдүүлүгүнө туура келип, атайын даярдыктын жүрүшүндө ээлик кылган теоретикалык билимдер менен өздөштүрүүлөрдүн комплексине, бир катар мүнөздүү чектерге ээ болгон адамдардын катмары тууралуу кеп болууда. Римдиктер, албетте, биринчи мыйзамчылардан жана юрист кесибинин ойлоп табуучуларынан болушкан эмес. Бардык өнүккөн цивилизацияларда, антикалык цивилизацияга караганда кыйла байыркыларында мыйзам чыгаруучулука адистешкен жана мамлекеттин мыйзамдарын аткарууну камсыз кылган адамдардын тобу болгон. Бирок Россия империясы менен бир эле мезгилде пайда болгон римдик укуктук система менен башка мамлекеттер, цивилизациялардын укуктук системаларынын ортосундагы бир олуттуу

айырмачылык рим укугу, тагыраак айтканда, римдик укуктук мектеп менен система кыйла өнүккөн, ал тургай азыркы билим берүү системасынын ченемдерине таянышкан.

Рим укугу билим берүүнүн жалпы системасы менен тыгыз байланышта болгон. Бул мамлекеттин укуктук системасын сабаттуу жана дайыма окутуп турууга жөндөмдүү келген адамдар менен дайыма, туруктуу толуктап тууруну камсыз кылган кыйла маанилүү ченем. Рим укугу, белгилүү болгондой, кылымдар бою жакшыртылып, дайыма өзгөрүп турууч тышкы жана ички шарттарга, кырдаалдарга таасын жана тез таасир берип, кыйла жетишээрлик денгээлде көп сандагы эркин жарандар үчүн ачык болгон өнүккөн билим берүүчүлүк системанын болуусу менен шартталган. Ушуга байланыштуу Европадагы рим укугунун жаралуусу билим берүүчүлүк системанын жалпы көтөрүлүүсү менен байланышкандыгы туурасындагы олуттуу фактыны баса көрсөтө кетүү туура болот. Европалык университеттер рим укугу окутулуучу борборлордон эле болуп эсептелген эмес. Алар табигый түрдө кесипкөй юристерди даярдоо жүзөгө ашырылган жер болуп калган.

Эгерде европалык эмес цивилизацияга таандык болгон элдер менен мамлекеттердин тажрыйбасына кайрыла турган болсок, бирок аны менен бирге өзүнүн маданияттык өзөгүнө европалык укуктук системаны, андан тышкары укуктук маданиятты кабыл алып, киргизе турган болсо, анда аны коштоп турууч же тагыраак айтканда жолун жолдоочу чет элдик укуктук маданияттын мүнөздүү белгилерин, чектерин табууга болот. Аталган белги, чек европалык билим берүүчүлүк системаны кабыл алуу, өтүү, культивациялоо, киргизүү менен байланышкан.

Эске ала кетүүчү нерсе, Осман империясында жана Жапонияда, башка мамлекеттердегидей эле, тарыхый ар кыл мезгилдерде укук системасын түп-орду менен кайра өзгөртүүгө багытталган иш-чаралар, юридикалык жана башка реформалар өзөктүү экономикалык реформаларды жүргүзүү зарылчылыгы менен шартталган. Анын манызы Батыш цивилизациясы XV кылымдан баштап, б.а. бир катар европалык мамлекеттердин өнүгүүнүн капиталистик фазасына өтүүсү менен белгилүү болгон биринчи буржуазиялык революцияларды жүзөгө ашыруу учурунан баштап өзүнүн экономикалык жана аскердик өнүгүүсүндө секирик жасап, андан ары дүйнөдөгү Батыштын аскердик, саясий, экономикалык жана технологиялык үстөмдүгүн бир нече жүз жылдарга камсыз кылды. Акыркы кырдаалдын өзү олуттуу денгээлде Батыш цивилизациясына таандык болбогон көптөгөн элдер менен мамлекеттердин туруктуу аракеттерин, анын көптөгөн маданий формалары менен институттарын, анын ичинде укуктук системаларын өздөштүрүүнү шарттаган. Тактай кетүүчү нерсе, мындай учурда кеп коопсуздукту жана саясий эгемендүүлүктү камсыз кылууга жөндөмдүү маданияттын чет элдик элементтерин максималдуу өздөштүрүүгө

багытталган бүткүл дүйнө жүзүнө өз маданиятын таратуу, тагыраак айтканда бүтүн элдер менен мамлекеттердин ан-сезимдүү каалоосу жана аталган каалоого ылайык келүүчү иш-аракеттер менен байланышкан Батыштын далалаты жана тажрыйбасы тууралуу болгон жок. Ушуга байланыштуу кеч орто кылымдык доорундагы бир катар европалык мамлекеттер алардын улуттук укуктук системаларынын негизи болуп калган римдик укука кайрылышкан.

Биз боолгологондой, Байыркы Рим манызы боюнча капиталистик болгон айыл чарбасындагы өндүрүшкө негиз салган, ал байыркы дүйнөнүн бардык мамлекеттериндеги экономикасынын негизи болгон. Рим империясынын кулашынан жана чарбачылыктын натуралдык формасын бекиткенден кийин келип, калган бардык формаларын сүрүп чыгарган европалык феодализм жер мамилелеринин системасына жанылык киргизбей эле тим болбостон, аларды олуттуу түрдө жөнөкөйлөтүп, примитивдүү натуралдык, түнт натуралдык чарбачылыка чейин түшүргөн. Парадокс феодализм доорунун артынан келген Европалык капитализм жерге ээлик кылуу, пайдалануу жана башкаруу системасында антикалык римдик мамилелерди жараткандыгында турат. Чындыгында аны кыйла жогорку техникалык денгээлде жасоо айырмачылыгында турат.

Римдик укуктагы бирден-бир негиздүү түшүнүктөрдөн болуп белгилүү болгондой, шексиз жеке менчик түшүнүгү эсептелип, жер бетине тараган. Аталган фундаменталдуу принцип батыш европалык мамлекеттердин, андан тышкары АКШнын, Канаданын жана Австралиянын жер мыйзамынын башкы институционалдык негизи болуп калган. Азиялык элдер менен мамлекеттерди ала турган болсок, андан белгилүү болгондой, жер жеке менчик укугу терен тарыхый тамырларга ээ эмес. Салттуу чыгыш коомунда башкы жер ээлик кылуучу катары адегенде, узак тарыхый мезгилде мамлекет кызмат кылган.

Жетиштүү адамзаттык ресурстарга ээ болбостон, өзүнүн кучагына көптөгөн ар кыл уруулук жана тилдик элдерди камтыган Рим империясы мамлекетти башкарууну жүзөгө ашырууга жана анын иш-аракетке баш ийдирилген аймактарда “элдердин укугун” (ius gentium) иштеп чыгууга, киргизүүгө жана анын эффективдүүлүгүн жогорулатууга, мамлекетти башкарууну жүзөгө ашырууга кеткен чыгымдарды минималдаштырууга мажбур болот. Ал өзүнө юридикалык нормалар менен укуктардын бүтүн комплексин камтып турат, анын бирден-бир негизги милдеттеринен болуп Римге баш ийген элдердин лоялдуулугун камсыз кылуу болгон. Эске сала кетүүчү нерсе, “элдердин укугу” (ius gentium) римдик жарандарга гана тараган «жарандык укук» (ius civile) менен катар пайда болгон.

Рим өзүнүн жакынкы географиялык коншуларын аскердик искусстводо кыйла алдыга озуп, олуттуу денгээлде анын тарыхынын, маданиятынын, анын ичинде укугунун өнүгүүсүнүн мүнөзүн аныктады.

Ийгиликтүү экспансионистик саясаттын же башкача айтканда, аскердик басып алуулардын жардамы аркасында Рим көп сандаган кулдарга ээлик кылган.

Римдик укук манызы боюнча, өзүнө көптөгөн кылымдар аралыгында римдик юристерге эле эмес, чарбачылык ишмердүүлүктөн, курулуштан жана көпөстүк айлантуудан, каржылык-соодалык капиталдан максималдуу пайданы алуу үчүн саясий ишмерлерге жана олигархтарга да ылайыкташкан.

**«Социомаданий контекстеги казак менен кыргыздын укугунун трансформацияланышы»** - аттуу экинчи бапта казак менен кыргыздын тарыхынын салттуу мезгилиндеги укуктарынын өзгөчөлүктөрү ачылып берилип, талдоого алынат; кыргыз жана казак укугунун тарыхтын россиялык мезгилиндеги трансформация процесси анализделет; Казахстан менен Кыргызстандын Жаны мезгилдеги укуктук системаларынын трансформациялануу процессинин өзгөчөлүктөрү анализге алынып, аныкталат.

Экинчи баптын «**Казактар менен кыргыздардын тарыхынын салттуу мезгилиндеги укугунун өзгөчөлүктөрү**» деген биринчи параграфында казак менен кыргыздын укугунун алардын салттуу мезгилиндеги өзгөчөлүктөрү ачылып, талдоого алынат.

Биздин эки эл үчүн укуктун өнүгүүсү кандайча болгондугундагы көптөгөн айырмачылыктар эле эмес, укуктун жаны системасына өтүү кандайча жүзөгө ашырылгандыгы да мүнөздүү болгон. Аталган окшоштуктар менен дал келүүлөр олуттуу денгээлде эки кырдаал менен шартталган. Биринчиден, казактар менен кыргыздардын жалпы маданий негизи, алардын бир эле көчмөн цивилизацияга тийиштүүлүгү менен. Экинчиден, казак-кыргыз эли адегенде падышалык россиялык, андан кийин советтик, анан барып заманбап укук системасын басып өткөн тарыхый кырдаалдардын чон окшоштугу менен.

Биздин эки элдин укуктук тарыхынын дал келүүсүнө карабастан биз аталган бөлүмдө, бардык изилдөөдөгүдөй эле жекелик, айырмачылыктарга караганда аталган дал келүүлөргө өзгөчө көнүл бурабыз. Тактай кетүүчү нерсе, аталган учурда, кеп принципиалдуу мүнөзгө ээ болгон жана жогоруда айтылгандай, эки этностун бир эле көчмөн цивилизацияга тийиштүүлүгү жана жогорку денгээлде болжол менен эки акыркы кылымга тараган тарыхый кырдаалдардын окшоштугу менен шартталган.

Казактар менен кыргыздардын адаттык укугунун калыптануу процессиндеги өзгөрүүлөр ушунчалык жай болгондуктан, анын органикалык өсүүсү туурасында белгилүү бир эскерме менен айтууга болот. Салттуу коомдун бирден-бир фундаменталдуу чектеринен болуп анын салыштырмалуу жай өнүгүүсү эсептелет, бул болсо анын башка курамдык элементтеринин жана институттарынын өнүгүүсүн түшүндүрөт. Бул

кырдаал, тагыраак айтканда, аталган учурдагы салттуу коомдун чеги, касиети укуктун «органикалык өсүүсүнө» караганда биздин изилдөөбүз үчүн кыйла маанилүү, анткени аталган чек укуктук формалардын өзгөчө жай эволюциясын жана туруктуулугун түшүндүрөт. Анын үстүнө «органикалык өсүү» акыр аягында үзгүлтүкө учураган.

Кылымдар бою алмашпаган шарттар менен казактардын, кыргыздардын жашоо образы анын элементтерин, анын ичинде укугун өзгөртүүсүнүн олуттуу зарылчылыгын пайда кылган эмес. Алар эмнеден улам келип чыккандыгына карабастан жашоо шарттарын жана образын терс жана түп-орду менен өзгөртүү зарыл түрдө анын компоненттеринин баардыгын болбосо да, кандайдыр-бир бөлүгүн өзгөртүүгө алып келет. Казак жана кыргыз этностору туурасында айта турган болсок, анда конкреттүү тарыхый кырдаалдарга карабастан, өз кезегинде советтик мамлекеттик саясат менен шартталган отурукташууга массалык өтүү менен байланышкан жашоо образын түп-орду менен өзгөртүү зарыл түрдө укук системасынын толук алмашуусуна алып келген.

Чегинде казактар менен кыргыздар жашаган ири мейкиндиктер аларга жашоосун эле эмес, өз алдынчалуулугун да сактоого шарт түзгөн. Башка этникалык топтор менен болгон бирдиктүү иш-аракеттер мүмкүн болгон минимумга жакындап, жеке, бири-биринен обочолонгон уруулар, алар менен бирге маданий жана менталдык өзүнчөлүк түрүндө берилген этностордун саясий, экономикалык өз алдынчалуулугун сактоого шарт түзгөн.

Казактар менен кыргыздар башка заманбап элдер сыяктуу эле бир канча жолу өзүнүн узак тарыхый аралыгында ар кыл, негизгиси –тышкы чакырыктар менен бетме-бет кесилишкен. Кандай гана болбосун тышкы чакырыктар узак убакыттар бою этностордун өзүлөрүнүн жашоосу үчүн кыйла кооптуу бойдон кала берет. Тарыхта кээ бир элдер башкаларын жоготушкан же аларды ассимиляциялаган көптөгөн мисалдарды табууга болот. Эки эл тен жайгашкан ири мейкиндиктердин болуусу, аларга биз жогоруда айткандай, өмүрүн эле эмес, жеке маданияты менен өзүнчөлүгүн да сактоого шарт түзгөн. Аталган маданияттын органикалык бөлүгү болуп укуктун адаттык системасы эсептелет.

Бирок мейкиндик канчалык чон болбосун, ал өзүнөн өзү андагы социумдарды чексиз коргой албаса, анда казактар болжол менен XVII, ал эми кыргыздар XIX кылымдын ортосунан баштап европалык маданияттын бирден-бир түрлөрүнүн жана Россиялык мамлекет башында турган цивилизациянын таасирин башынан кечире баштаган. Аталган таасир ар кыл кырдаалдарга карабастан убакыттын өтүшү менен улам жогорулап, акыр аягында биздин элдердин терен маданий жана цивилизациялык өзгөрүүлөрүнө алып келет.

Жаны мезгилде казак жана кыргыз элдери үчүн көптөгөн түп-орду менен болгон өзгөрүүлөр болгон, андыктан казактар менен кыргыздар салттуу адаттык укук системасы менен тейленбеген башка цивилизациялык абалга өтүшкөн деп эсептөөгө болот. Реалдуулук кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, мурунку укуктук система кандай гана он тараптуу чектерге ээ болбосун өзүнөн-өзү архаизм болуп калган.

Казактар менен кыргыздардын сапаттуу жаны абалга өтүүсүн шарттаган жаны реалдуулук шарттарындагы казак- кыргыз адаттык укугунун үстөмдүк кылуучу жөнгө салуучу өнүтү, өздүк өнүгүүсүнүн импульсу жоголуп кеткен. Казак жана кыргыз маданиятынын көптөгөн, анын ичинде укуктук элементтери жаны индустриалдык реалдуулукта архаикалык болуп калган, андыктан өзүнүн мурунку маанисин жана жөнгө салуучулук функциясын жоготкон.

Жаны реалдуулук тыштан тануулангaнбы жана ал кандайча болгондугуна карабастан, ал жалпы жонунан биздин элдер тарабынан кабыл алынып, олуттуу өзгөрүүлөргө жана эки элдин бардык маданий спектриндеги жалпы өзгөрүүлөргө алып келбей койгон эмес.

Казахстан менен Кыргызстандагы Советтик бийликтин орнотулушу менен жаны мамлекет объективдүү коомдук-экономикалык мыйзамдарды болбосо да, тарыхый өнүгүүнүн алдыга умтулуучулук жүрүшүн четке кагуу менен индустриалдуу коомду курууну жүзөгө ашырууга өткөн.

1917-жылдагы Октябрь революциясынын жүзөгө ашырылуу учурунда дээрлик бардык казактар менен кыргыздар салттуу коомдун абалында турушкан.

Тарыхтын жаны мезигилинде советтик мамлекет индустриалдык коомду тездик менен куруу аракетин көргөн, ал жалпы жонунан жүзөгө ашырылган.

Экинчи баптын «**Казак жана кыргыз укугунун тарыхтын россиялык мезгилиндеги трансформациясы»** аттуу экинчи параграфында казак жана кыргыз элдеринин тарыхтын россиялык мезигилиндеги трансформация процесси анализге алынат.

XX кылымда казак жана кыргыз эли тарабынан принципиалдуу башка укук системасына аракеттүү өтүү жүзөгө ашырылган.

Калыбы, аталган өтүү Россиялык мамлекеттен, өзгөчө белгилүү болгондой, жетимиш жылдан ашуун жылга уланган тарыхтын советтик мезгилинен келип чыккан олуттуу тышкы таасирге карабастан болуп өткөн.

Түнт социумдардын ичинде адаттык укук кандай гана гармониялуу жана эффективдүү, андагы уруулар кандай гана болбосун Россиялык мамлекет калыптандырып, Борбордук Азиядагы үстөмдүк кылуучу күч катары кызмат кылган жаны тез өзгөрүп туруучу реалдуулука ылайык келген эмес .

Биздин пикирибизде, советтик мамлекеттин түп-орду менен болгон укуктук кайра өзгөрүүсүнө ал кандай сонку максаттарды көздөгөн, тагыраак айтканда, мамлекетти башкарган партияны билбей же түшүнбөй туруп ылайыктуу баа берүү, түшүнүү эч мүмкүн эмес. К.Маркс менен Ф.Энгельстин негизги мотивациясы жаны акыйкаттуу социалдык-экономикалык тартипти, коммунизмди орнотуу зарылчылыгында жалпы жыргалчылык коомду түзүү идеясынын тегерегинде чогулган.

Акыйкаттуулук жана кыска мөөнөттүн ичиндеги жалпы молчулук коомун түзүүнүн утопиялык идеясы бир-эки муундун, коомдун жашоо аралыгындагы эркин эмгеги өкүм сүрүүсү ушунчалык өзүнө тартып турган, андыктан большевиктер аны жүзөгө ашырууга киришишкен. Андыктан укук аларды өздүк баалуулук же өзгөчө институт катары эмес, болгону түзүлгөн коомдук мамилелерди бекитүү үчүн зарыл каражат иретинде кызыктырат.

Большевиктер бийлике акырындап келүү менен эски мамлекеттик аппаратты талкалоого жана жеке менчик институтун аны мамлекеттештирүү процедурасы аркылуу кирише баштаган. Советтик укуктун өнүгүүсүндө олуттуу ролду катаал атаандыштык жана идеологиялык каршы туруу, өнүккөн капиталистик мамлекеттер менен болгон күрөш ойногон.

Советтик мамлекет эмгекке болгон мажбурлоонун экономикадан тышкаркы формаларын активдүү, кенири масштабда пайдалана баштаган. Мамлекеттин саясий жана экономикалык керектөөлөрүнө ылайыкташкан социалистик укук жана заттардын реалдуу абалы акыр аягында ошол эле максаттарга ылайыкташкан, анткени коом менен мамлекет эффективдүү түрдө тышкы басым каршылык көрсөтүп, өндүрүштүн көлөмүн жана чыгарылган продукциянын сапатын жогорулатпастан өз таасирин тарата алган эмес.

Пролетариаттын диктатурасынын идеясын жүзөгө ашыруу менен большевиктер советтик бийликтин оппоненттери мамлекет менен бийлике реалдуу коркунуч туудура албай калган учурда дагы өзүнүн ишмердүүлүгүн начарлатпаган кубаттуу репрессивдик аппаратты түзүшкөн. Бул баарынан мурда эмгеке мажбурлоонун экономикалык формаларынын жоктугунун шарттарында репрессивдик органдарга башка милдеттерден тышкары ишканалардын, аскердик өндүрүштөрдүн ж.б.у.с. экономикалык ишмердүүлүгүнө карата көзөмөл жүргүзүү боюнча милдеттер жүктөлгөн. Акыркысы жеке менчик институтун жоготуп, бийликтин реалдуу оппоненти болууга жөндөмдүүкалктын таптары жана топтору үчүн социалдык-экономикалык өзөктү жоготуп, өзүнө бийдиктин мыйзам чыгаруучулук жана соттук бутактарын толугу менен баш ийдирүү менен өзүнүн колунда абсолюттуу бийликти кармап турган.

Бирок жогоруда айтылгандарга карабастан тарых менен укуктун советтик мезгилдеги терс чектерин гана анча толук эмес жана бир тараптуу берүүсү жаңылыштык болуп калмак.

Адаттык укук системасы мурун адамдардын салыштырмалуу чектелген санына эсептелген жана терен архаикалык болуу менен коомдук мамилелердин жаңы системасына кире алган эмес. Советтик бийликтин мезгилинде реалдуулук ушунчалык олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгонун көрүүгө болот, ал салттуу укук системасы менен шартталган эмес. Бул таасын белгилүү. Бирок дайыма өзгөрүп туруучу реалдуулук убакыттын өтүшү менен алдыңкы капиталистик мамлекеттердин укуктук системаларына таандык болгон бир катар фундаменталдуу жоболор болбогон советтик укуктук системаны сактоонун максаттуулугунан күмөн санай баштаган.

Тарыхтын советтик мезгилдеги негизги карама-каршылыгы советтик саясий жана социалдык-экономикалык системанын бардык терс чектерине карабастан, казак жана кыргыз элдеринде болуп өткөн позитивдүү өзгөрүүлөр, жалпы жонунан, биздин пикирибизде, терс өзгөрүүлөргө караганда басымдуу кылуусунда турат. Аталган өзгөрүүлөр биринчи кезекте биздин элдерде болуп өткөн олуттуу маданий-цивилизациялык алдыга жылуулар, өзгөрүүлөр менен байланышкан.

Кыргызстандагы советтик бийликтин мезгилинде этностун болмушунун цивилизациялык негиздерин козгогон радикалдуу модернизация жүзөг ашырылып, башкача айтканда, алгачкы чекитке кайтып баруу мүмкүнчүлүгүн жоготкон.

Тарыхтын падышалык мезгилинде уруулук мамилелер системасында пайда болуусун уланткан казак жана кыргыз элдери болгону эки-үч муундун жашоо аралыгында көпчүлүк жагынан кубаттуу тышкы таасирдин жана жардамдын аркасында бир катар цивилизациялык параметрлерди өзгөртүү менен байланышкан принципиалдуу жаңы сапатка өтө алышкан.

Кырдаалдын жыйналуусуна жана бир катар саясий себептерге карабастан казак эле эмес кыргыз мамлекеттүүлүгү да жаралган. Бирок бул мурункуга караганда таптакыр башкача болгон, мурунку көчмөн мамлекеттүүлүктөн олуттуу айырмаланган мамлекеттүүлүк жаңы шарттарда таасын анахронизмден болгон. Айныксыз болгондой, ал советтик саясий жана чарбачылык системанын өзгөчөлүктөрүнө карабастан кескин мүнөзгө ээ болгон. Бирок бул периферия өлкөсүнө кирүү боюнча метрополия иретинде бүткүл союздук республикаларды көзөмөлдөп, өзүстөмдүгүн сактоодогу Россиянын аракети менен эле түшүндүрлгөн эмес. Конкреттүү Казак жана Кыргыз ССР боюнча мындай көзөмөл реалдуу көрсөтүлгөн жардам менен катар объективдүү зарылчылык болгон. Чындап эле моюнга алуучу нерсе, казактар менен кыргыздар Советтик мамлекеттин түзүлүү учурунда зарыл каражаттарга, тажрыйбага, материалдык,

интеллектуалдык ресурстарга, уюштуруучулук тажрыйбага, зарыл укуктук жана кадрлык базага, бир сөз менен айтканда мамлекеттүүлүктүн архаикалык көчмөн эмес, заманбап формасын түзүү үчүн эч нерсеге ээ болгон эмес. Аталган фактыны четке кагуу маанисиздик.

Ырааттуулук, максаттуу багытталган жана катаал иш-чаралардын бүтүн комплексинин жардамы аркасында, гумандуулуктун акталбаган көз карашында болбосо даү, дайыма эле акыл-эстүү, советтик мамлекеттин кыска тарыхый мөөнөтүндө көчмөнчүлүк жашоо образын жана чарбачылыгын жогото алган.

Конкреттүү укука жана аны менен байланышкан укуктук системаларга токтоло кетсек, анда эки республикада тен юридикалык тажрыйбага эле эмес, күнүмдүк жашоо-турмушка эле киргизилбестен, советтик укуктун коомдук ан-сезимине да киргизилген. Ал өзүнүн бардык айыбына карабастан, көчмөн жашоо образы сыяктуу эле адаттык укука караганда кыйла өнүккөн менен дал келишпейт, ал мамлекеттүүлүктүн заманбап формаларына жакындашууга жөндөмсүз келишкен. Казахстан менен Кыргызстанда РСФСР менен башка союздук республикалардын олуттуу экономикалык, материалдык, каржылык жана кадрлык жардамы бир нече он жылдыктар аралыгында дайыма болуп туруучу өздүк өркүндөөгө жөндөмдүү келген заманбап инфраструктура түзүлгөн. Ал өзүнө жумушчу абалында колдоо көрсөткөн көптөгөн коштоп жүрүүчү элементтердин, системалардын жана подсистемалардын пайда болуусун боолголойт. Аларга негизинен, орто, атайын, кесиптик жана жогорку билим берүү, медициналык, социалдык тейлөө ж.б. системасы таандык. Социалдык-экономикалык база түзүлгөн. Улуттук интеллигенция пайда болгон, ансыз укуктун, мамлекеттик жана укуктук институтттардын андан аркы өнүгүүсү мүмкүн болгон эмес. Бир сөз менен айтканда, заманбап мамлекеттүүлүк жана анын андан аркы өнүгүүсү үчүн зарыл болгон бардык өбөлгөлөр түзүлгөн. Бирок ал үчүн цивилизациянын тибин алмаштыруу зарыл болгон.

Экинчи баптын «**Эгемендүүлүк шартындагы Казакстан менен Кыргызстандын укуктук системаларынын трансформацияланышы**» деген үчүнчү параграфында Казакстан менен Кыргызстандын Жаны мезгилдеги укуктук системаларынын трансформациялануу процессинин өзгөчөлүктөрү аныкталып, талдоого алынган.

Болжол менен XX кылымдын жетимишинчи жылдарынын ортосунда социалистик системадагы мамлекеттердин алдынкы капиталистик экономикалардан артта калуусу байкалган. Акыркысы өзүндө маалыматтык революцияны жүзөгө ашыруу менен индустриалдыктан коомдук өнүгүүнүн постиндустриалдыу фазасына туруктуулук менен өтө башташкан.

Коомдун уюшулуусунун социалистик формасын дискредитация-лагандан кийин мурун социалистик блоко таандык болгон бардык европалык мамлекеттер, андан тышкары мурунку дээрлик советтик

республикалар - бирөөсү чон, экинчиси кичине денгээлде капиталистик коомдук-экономикалык система, түзүлүш тарапка ыктады. Мындай жаны кырдаалдарга жаны Конституциялар түзүлүп, кабыл алында. Аларды түзүп, кабыл алуу менен бардык мурунку социалистик өлкөлөр биринчи кезекте, бизге малым болгондой, системалык кризисти багындырып, туруктуу жана жыргалчылыктуу мамлекетти түзүү максатында социалдык-экономикалык өнүгүүнү тездетүү каалоосу менен башкарылган. Албетте, өзүнүн өнүгүү багытын өзгөртүү менен өнүгүүнүн социалистик жолунан баш тартышкан бардык элдер жарандын акыйкаттуулугу, эркиндиги жана укуктары ж.б.у.с. маселелерге кайдыгер мамиле кылышкан эмес. Бирок, социалдык-экономикалык өнүгүүдөгү артта калууну алдын алуу маселеси кабыргасынан коюлган.

Андыктан ар бир эл өзүнүн тарыхына, спецификалык белгилерине ээ болуп, белгилүү бир аймактарда, климаттык зонада ж.б.у.с. жашап жатышкандан кийин, жекеликтин ар кыл формалары ар кыл элдерде (же элдердин тобунда) ар башка мамилелерде болушуп, эреже катары, мыйзамдарда бекитилген бирдей эмес статуска ээ болушкан. Калыбы, жекеликтин аталган формалары менен мамилелери, алардын статусу, мүнөзү жана мызамдарда бекитилген денгээли, андан тышкары табияттын ар кыл объекттеринин жекелик мамилелерге тартылуусу олуттуу денгээлде маданий-цивилизациялык специфика менен аныкталат.

Азыркы мезгилде казак жана кыргыз маданияты салттуу жана индустриалдык маданияттын элементтерин камтып турат, бул белгилүү бир денгээлде биздин өлкөнүн укуктук системаларына болбосо да, укуктук субъекттеринин укуктук ан-сезимине таасирин тийгизип, Казахстан менен Кыргызстандын укуктук өнүгүүсүндөгү бирден-бир карама-каршылыкты жаратат.

Байланыштардын системасын, алар менен бирге жарандык коомдун өзүмчүлдүк табияты менен катар кандаш уруулук байланыштардын жоюлуу себеби боюнча, коомдогу мамилелердин айныксыз тоталдык алмашуусу анын маныздуу белгилеринен болуп эсептелет. Аталган белгилерди он же тескерисинче терс жактарга таандык кылуу алардын конкреттүү коомчулук, тарыхый-маданий кырдаал жана цивилизациялык специфика менен байланышынан тышкары эч мүмкүн эмес. Г.Гегель өзүнүн элестөөлөрү жана кызыгуулары менен индивиддин эркиндигин, үй-бүлөнүн өз алдынчалуулугун, алардын коомдун башка бөлүктөрүнөн көз карандысыздыгын ж.б.у.с. караштырып, аталган бардык белгилерди салттуу маданияттын өкүлдөрү үчүн ылайыксыз болгон «жарандык коомдун улуу принциби жана жыргалчылыгы» деп атаган. Алар үчүн албетте, байланыштардын кандаш- уруулук системасынын бөлүнүүсү тура келбейт, андыктан ал салттуу коомдун негизи болуп эсептелет. Салттуу коомдун

өкүлдөрү жекелик башталыштар менен баалуулуктарды жактырышпай, жамааттыка көбүрөөк жакындашкан.

Заманбап казак жана кыргыз коому өзүнө заманбап жарандык эле эмес, салттуу коомдун да элементтерин, демек бир эле мезгилде жамааттык дагы, жекелик дагы башталыштарды камтып турат. Бул айныксыз түрдө коомдук мамилелердин дээрлик бардык спектринде, андан тышкары коом, индивид жана мамлекеттин ортосундагы мамилелердеги бир катар карама-каршылыктарды жаратат. В.В.Лазарев жазгандай «Индивидуалистик коом өзүнүн табияты боюнча мамлекеттин жарандардын жашоо-турмушуна кийлигишүүсүн чектейт. Жамааттык болсо, тескерисинче, мамлекеттик ишмердүүлүк үчүн чон мейкиндикти болжойт. Биринчи орунда адамдын (жарандын) кызыкчылыктары турабы же коомдукубу деген суроого байланыштуу мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн чек аралары кенейет же тарыйыт» [Лазарев В.В. Теория государства и права. -М., 1992 -С. 87].

Индивидуалистик коом, ал үчүн мүмкүнчүлүктөр менен каалоого ээ болуу менен мамлекеттин өнүккөн укук институттары жана жарандык коом аркылуу кийлигишүү чектерин кысат. Башкача айтканда, индивидуалдуулукту жарандык коом жаратпайт, тескерисинче, индивидуалдуу коом жарандык коомду жашоого чакырат. Бирок аталган кырдаалга карабастан алардын ортосундагы байланыш эки жактуу мүнөзгө ээ болуп, максаттуу жана ийгиликтүү жарандык коомду куруу акыр аягында коомдогу жекелик принциптер менен баалуулуктарды бекитүүгө алып келүүсүнөн байкалат.

Жогоруда жарандык коом тууралсындагы айтылгандын баары укук системасына түздөн-түз тиешеси бар. Кептин баары биздин республикаларда бекитилген укуктун романдык-германдык системасы жарандык коомдун шарттарында толугу менен орногон. Буга ылайык, укуктун өзү индивидуалистик коомго мүнөздүү болгон мамилелердин системасын чагылдырып турат.

Жогоруда айтылганга ылайык Казахстан менен Кыргызстанда жыйырма беш жылдан ашуун аралыкта бекиген баалуулуктар, эрежелер менен укуктук система мурунку баалуулуктарды, эрежелерди жана укуктук системаны четке кагуусунда турган оной менен алдын алынбаган карама-каршылыкты ачып көрсөтүүгө болот. Албетте, толугу менен эмес, бирок жетиштүү байкалаарлык денгээлде. Казахстан менен Кыргызстан укуктук жана баалуулук система мүнөздүү болгон жарандык коомго карай багыт алууда, ал көпчүлүк жагынан салттуу институттар менен баалуулуктарга оппозицияда турат. Бирок, заманбап глобалдык тенденцияларды эске алуу менен бизде тандалып алынган багыттын артынан ээрчүүдөн башка жол жок. Бул албетте, укука да таандык.

**Корутундуда жүргүзүлгөн изилдөөнүн төмөнкүдөй жыйынтыктары алынды:** 1. Байыркы грек дүйнөсүнүн өз алдынча полистик мамлекеттерге болгон чачырандылыгы толугу менен локалдуу маселелерди

чечүүгө багытталып, мамлекеттин пайда болуусунун саясий формаларын издөөгө кыйла түшүмдүү таасирин тийгизген. Байыркы грек укук таануучулары тарабынан теоретикалык жактан жетиштүү денгээлде бекибеген жана Грециянын чачырандылыгынын себебинде жеке укуктук мааниге ээ болбогон грек укугу юридикалык нормалардын катардык системасынын формасына ээлик кылган жок, ошол себептен башка өлкөлөр менен элдер үчүн укуктук нормаларды, принциптерди жана институттарды өздөштүрүүгө жана ынгайлаштырууга толук жараган.

2. Рим укугу маданияттын продуктусу катары кызмат кылып, анын бирден-бир негизи болуп практика, индивидуалдуулук философиясы жана жалпы жетишүүнүн руху, пайдалар эсептелет. Аталган жетиштүү рух гректерге да таандык болгон. Катаал маанисинде пайдага, тигил же бул ченемдеги материалдык жыргалчылыка болгон далалат качандыр бир кезде пайда болгон бардык элдерге таандык, андыктан аталган аракет адамдын ток, жыргалчылыктуу жана коопсуз жашоосундагы табигый муктаждыгына негизделет. Айырмачылыгы болгону аталган муктаждыкты канаттандыруунун денгээлинде, формаларында, ыкмаларында, андан тышкары өзүнүн жыйындысында цивилизациялык спецификаны пайда кылган формалар менен ыкмаларды пайдалануунун ийгилигинде жана узактыгында турат. Бирок аталган рух гана рим укугунун пайда болуусун, европалыка салыштырмалуу башка цивилизациялык негизи бар мамлекеттерде аны бекитүүнү жөнгө салган.

3. Рим укугу билим берүүнүн жалпы системасы менен тыгыз байланышта болгон. Бул мамлекеттин укуктук системасын сабаттуу жана дайыма окутуп турууга жөндөмдүү келген адамдар менен дайыма, туруктуу толуктап тууруну камсыз кылган кыйла маанилүү ченем. Рим укугу, белгилүү болгондой, кылымдар бою жакшыртылып, дайыма өзгөрүп туруучу тышкы жана ички шарттарга, кырдаалдарга таасын жана тез таасир берип, кыйла жетишээрлик денгээлде көп сандагы эркин жарандар үчүн ачык болгон өнүккөн билим берүүчүлүк системанын болуусу менен шартталган. Эгерде европалык эмес цивилизацияга таандык болгон элдер менен мамлекеттердин тажрыйбасына кайрыла турган болсок, бирок аны менен бирге өзүнүн маданияттык өзөгүнө европалык укуктук системаны, андан тышкары укуктук маданиятты кабыл алып, киргизе турган болсо, анда аны коштоп туруучу же тагыраак айтканда жолун жолдоочу чет элдик укуктук маданияттын мүнөздүү белгилерин, чектерин табууга болот. Аталган белги, чек европалык билим берүүчүлүк системаны кабыл алуу, өтүү, культивациялоо, киргизүү менен байланышкан.

4. Белгилүү бир мааниде жана жаатта Римдин тарыхы - бул чарбачылыктын оптималдуу формаларын көп кылымдык туруктуу издөө тарыхы, ал аларга ылайыктуу формалар менен жекелик мамилелерден максималдуу пайданы алууга багытталган. Римдиктер аны зарылдык

боюнча жасашкан, бирок тарыхтын жүрүшүндө болуп көрбөгөндөй аймактар менен байлыка э болушуп, андан тышкары империянын бардык аймактарында нормалдуу чарбачылык ишмердүүлүктү жөнгө салышып, жогорку денгээлде эркин соода-сатыкты уюштурушкан болсо, анда атаандаштыктын болуусу менен  чарбачылыктын эле эмес, жекеликтин мамилелери менен формаларын да үзгүлтүксүз жакшыртып турууга мажбур болушкан.

5.Казактар менен кыргыздардын адаттык укук системасы  көптөгөн кылымдар бою анча белгилүү эмес түрүндө  XX кылымдын биринчи үч он жылыгына чейин сакталып келген, анткени эки эл тен XX кылымдын биринчи он жылдыгына чейин көчмөн жашоо образын карманoccyн улантуу менен укук системасына өзгөртүү киргизүү зарылчылыгы менен муктаждыгын баштарынан кечиришкен эмес. Казактар менен кыргыздардын кылымдар бою өзгөрүүгө дуушар болбогон жашоо образдары жана шарттары анын элементтерин, анын ичинде укуктук элементтерин да өзгөртүүдөгү олуттуу зарылчылыгын пайда кылган эмес.

6. Жаны мезгилде казак жана кыргыз элдери үчүн көптөгөн түп-орду менен болгон өзгөрүүлөр болгон, андыктан казактар менен кыргыздар салттуу адаттык укук системасы менен тейленбеген башка цивилизациялык абалга өтүшкөн деп эсептөөгө болот. Реалдуулук кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болуп, мурунку укуктук система кандай гана он тараптуу чектерге ээ болбосун өзүнөн-өзү архаизм болуп калган.

7. Тарыхтын советтик мезгилдеги негизги карама-каршылыгы советтик саясий жана социалдык-экономикалык системанын бардык терс чектерине карабастан, казак жана кыргыз элдеринде болуп өткөн позитивдүү өзгөрүүлөр, жалпы жонунан, биздин пикирибизде, терс өзгөрүүлөргө караганда басымдуу кылуусунда  турат. Аталган өзгөрүүлөр биринчи кезекте биздин элдерде болуп өткөн олуттуу маданий-цивилизациялык алдыга жылуулар, өзгөрүүлөр менен байланышкан.

8. Ырааттуулук, максаттуу багытталган жана катаал иш-чаралардын бүтүн комплексинин жардамы аркасында, гумандуулуктун акталбаган  көз карашында болбосо даү, дайыма эле акыл-эстүү, советтик мамлекеттин кыска тарыхый мөөнөтүндө көчмөнчүлүк жашоо образын жана чарбачылыгын жогото алган. Конкреттүү укука жана аны менен байланышкан укуктук системаларга токтоло кетсек, анда эки республикада тен юридикалык тажрыйбага эле эмес, күнүмдүк жашоо-турмушка эле киргизилбестен, советтик укуктун коомдук ан-сезимине да киргизилген. Ал өзүнүн бардык айыбына карабастан, көчмөн жашоо образы сыяктуу эле адаттык укука караганда кыйла өнүккөн менен дал келишпейт, ал мамлекеттүүлүктүн заманбап формаларына жакындашууга жөндөмсүз келишкен. Казахстан менен Кыргызстанда РСФСР менен башка союздук республикалардын олуттуу экономикалык, материалдык, каржылык жана кадрлык жардамы  бир нече он жылдыктар аралыгында дайыма болуп

туруучу өздүк өркүндөөгө жөндөмдүү келген заманбап инфраструктура түзүлгөн. Ал өзүнө жумушчу абалында колдоо көрсөткөн көптөгөн коштоп жүрүүчү элементтердин, системалардын жана подсистемалардын пайда болуусун боолголойт. Аларга негизинен, орто, атайын, кесиптик жана жогорку билим берүү, медициналык, социалдык тейлөө ж.б. системасы таандык. Социалдык-экономикалык база түзүлгөн. Улуттук интеллигенция пайда болгон, ансыз укуктун, мамлекеттик жана укуктук институтттардын андан аркы өнүгүүсү мүмкүн болгон эмес. Бир сөз менен айтканда, заманбап мамлекеттүүлүк жана анын андан аркы өнүгүүсү үчүн зарыл болгон бардык өбөлгөлөр түзүлгөн. Бирок ал үчүн цивилизациянын тибин алмаштыруу зарыл болгон.

9. Казахстан менен Кыргызстанда жыйырма беш жылдан ашуун аралагында орноп калган баалуулуктар, тартип жана укуктук система кийинки баалуулуктарды, эрежени жана укуктук системаны четке кагышат. Албетте, толугу менен эмес, бирок байкалаарлык денгээлде. Казахстан менен Кыргызстан өзүнө мүнөздүү болгон укуктук жана баалуулук системасы менен жарандык коомго карай багыт алууда, ал көпчүлүк жагынан салттуу институттарга жана баалуулуктарга карата оппозицияда турушат. Бирок, заманбап глобалдык тенденцияларыд эске алуу менен бизде тандалып алынган багыт боюнча баруудан башка альтернатива жок, албетте, ал биздин элдердин улуттук рухий баалуулуктарын эске алуу менен укукка таандык болот.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**

1. Иманбаева Д.К. Духовная невежественность: опасности и последствия (на казахском языке) Терроризм: проблемы противодействия: материалы международной научно-практической конференции, 29 ноября 2013 г. – Алматы: Алматинская академия МВД РК. 2013.– с. 202-211
2. Иманбаева Д.К. От исламской специфики к исламскому экстремизму // Сборник материалов международной научно-практической конференции на тему: «Проблемы противодействия терроризму и экстремизму: отечественный и международный опыт» (21 ноября 2014 г.) – Алматы, 2014. – С. 217-225.
3. Иманбаева Д.К. Межконфессиональное и межэтническое согласие – основополагающая ценность казахского общества // Государственно-правовое развитие Республики Казахстан: отечественный и международный опыт (Материалы международной научно-практической конференции, посвященной 550-летию Казахской государственности, 20-летию Конституции Республики Казахстан, в свете послания Президента Республики Казахстан Н.А.Назарбаева от 11.11.2014 г. «Нұрлы жол – Путь в будущее» (20 июля 2015 г.)). – Алматы: ООНИиРИР Алматинской академии МВД Республики Казахстан, 2015. – С. 133-140.

4. Иманбаева Д.К. Взаимосвязь государства и личности в процессе социокультурного развития социума // Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. Выпуск 20. НАН Академии наук Кыргызской Республики. – Бишкек, 2014. – С. 113- 117, (в соавторстве).
5. Иманбаева Д.К. Древнегреческая система права как предшественница древнеримского права // Журнал «Общество и политика». Республика Польша №2(43). 2015. – С. 227-236, (в соавторстве).
6. Иманбаева Д.К. Трансформация казахского и кыргызского права в традиционный период их истории // Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. Выпуск 21. НАН Кыргызской Республики. – Бишкек, 2015. – С. 598-602, (в соавторстве).
7. Иманбаева Д.К. Философско-компаративистский анализ процесса трансформации правовых систем Казахстана и Кыргызстана // Современные проблемы гуманитарных и естественных наук: материалы XXV международной научно-практической конференции 26–27 ноября 2015 г. В 2 т.: том I / Науч.-инф. издат. центр «Институт стратегических исследований». – Москва: Изд-во «Институт стратегических исследований»: Изд-во «Перо», 2015. – С. 363-368.
8. Иманбаева Д.К. Причины и особенности смены цивилизационной парадигмы права на примере Казахстана и Кыргызстана // Научная дискуссия: инновации в современном мире. сб.статей по материалам XLVIII междунар.науч.-практ. конф. - № 4 (47). Часть I. - М., Изд. «Интернаука», 2016. – с. 184-189, (в соавторстве).
9. Иманбаева Д.К. Трансформация казахского и кыргызского права в российский период истории // Научная дискуссия: инновации в современном мире. сб.статей по материалам XLVIII междунар.науч.-практ. конф. - № 4 (47). Часть I. - М., Изд. «Интернаука», 2016. – С. 178-183.
10. Иманбаева Д.К. Причины возрождения и распространения римского права в современном мире // Инновации в науке. Сб.статей по материалам LXII междунар. Науч.-практ.конф. № 10(59). Новосибирск: Иид..АНС «СибАК», 2016. – С.182 – 189.(в соавторстве).
11. Иманбаева Д.К. Правовая культура как органический элемент культуры в целом // Научная дискуссия: инновации в современном мире. сб. ст. по материалам LII междунар. науч.-практ. конф. – № 8 (51). – М., Изд. «Интернаука», 2016. – С. 33-40.
12. Иманбаева Д.К.Особенности права казахов и кыргызов в традиционный период их истории// Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» – № 1. Бишкек, 2017. – С.199 - 202
13. Иманбаева Д.К.Трансформация правовых систем Казахстана и Кыргызстана в Новейшее время// Журнал «Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана» – № 1. Бишкек, 2017. – С. 196 – 199 (в соавторстве).

**Иманбаева Дина Нигматуллаевнанын 09.00.11 – социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Казахстан менен Кыргызстандын шарттарындагы укук системасынын социомаданий трансформациясы: компаративистик ыкма» аттуу диссертациясына**


**РЕЗЮМЕ**

**Негизги сөздөр:** көчмөн цивилизация, адаттык укук, салттуу коом, маданий-цивилизациялык специфика, римдик укук, Союздун кулашы, мамлекет, жарандык коом.

Изилдөөнүн объектиси катары укук адамдын ишмердүүлүгүнүн социалдык-рухий жашоосунун комплекстүү феномени кызмат кылат. Изилдөөнүн предмети катары укуктун түрлөрү жана ар кыл элдердин маданияттарындагы алардын алмашуусунун мыйзам ченемдүүлүктөрү жана бекитилүүсү эсептелет.

Изилдөөнүн максаты болуп Казахстан менен Кыргызстандагы ар кыл укук системасынын алмашуусунун жана бекитилүүсүнүн себептерин жана өзгөчөлүктөрүн социалдык-компаративистик ыкма методун колдонуу менен социалдык-философиялык талдоо жүргүзүү эсептелет.

Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык жана теоретикалык негизи болуп илимий таанымдын тарыхый, формалдуу-логикалык жана системалык методдору, социалдык-философиялык компаративистик ыкма эсептелет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.**

-байыркы грек маданиятынын антикалык тарыхый мезгилде пайда болгон укук системасына тийгизген таасиринин мүнөзү жана денгээли аныкталды;

- рим укугунун ар кыл маданий тармактарга ийгиликтүү таралуусунун жана жаралуусунун себептери ачылып берилди;

-римдик-германдык укук системасы бекип, заманбап Казахстан менен Кыргызстанда ийгиликтүү өнүгүүсүнүн себептери аныкталды.

Колдонуу боюнча сунуштар. Диссертациянын материалдары социалдык-философиялык концепцияга жалпыланган диссертациянын материалдары, андан тышкары изилдөөнүнү корутундулары менен жоболору бир тууган республикалардагы заманбап укуктук жана коомдук процесстерди талдоого алууда, андан тышкары алар Казахстан менен Кыргызстандагы укук институттарынын андан аркы калыптануусуну менен байланышкан маселелерди изилдөөдө, андан тышкары модернизациянын ушул сыяктуу саясий-укуктук процесстерин башынан өткөргөн КМШ өлкөлөрүндө колдонулушу толук ыктымал.

Колдонуу чөйрөсү. Изилдөөнүн жыйынтыктары заманбап мезгилдеги рим укугунун жаралуу жана жайылуу себептери, андан тышкары Казахстан менен Кыргызстандын ар кыл тарыхый, анын ичинде азыркы учурдагы укуктук системаларынын трансформациялануусунун мүнөзү тууралсындагы социалдык-философиялык билимдерди терендетүүсүндө жана кенейтүүсүндө турган илимий изилдөөлөрдө колдонулушу толук ыктымал.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Иманбаевой Дины Нигматуллаевны на тему: «Социо-культурная трансформация системы права в условиях Казахстана и Кыргызстана: компаративистский подход», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.11. – социальная философия**

**Ключевые слова:** кочевая цивилизация, обычное право, традиционное общество, культурно-цивилизационная специфика, римское право, развал Союза, государство, гражданское общество.

**Объектом исследования является** право как комплексный феномен социально-духовной жизнедеятельности человека, а **предметом** - разновидности права и закономерности их смены и закрепления в культурах казахского и кыргызского народов.

**Целью диссертационной работы** является социально-философский анализ причин и особенностей смены и закрепления различных систем права в Казахстане и Кыргызстане с применением метода социально-компаративистского подхода.

**Методологической и теоретической основой диссертационного исследования** являются исторический, формально-логический и системный методы научного познания, социально-философский компаративистский подход.

**Научная новизна исследования:**

– был определен характер и степень влияния древнегреческой культуры на систему права, возникшую в античный период истории и известную как римское право;

– были выявлены социокультурные условия и причины возрождения и успешного распространения римского права на различные культурно-цивилизационные почвы;

– были определены социально-исторические причины, по которым римская правовая система закрепилась и успешно развивается в современном Казахстане и Кыргызстане.

**Рекомендации по использованию.** Материалы диссертации, а также выводы и положения исследования, обобщенные в социально-философскую концепцию, могут быть использованы при анализе современных правовых и общественных процессов в братских республиках, при исследовании проблем, связанных с дальнейшим становлением институтов права в Казахстане и Кыргызстане, а также в странах СНГ, переживающих схожие политико-правовые процессы модернизации.

**Область применения.** Итоги исследования могут быть применены в научных исследованиях, состоящих в углублении и расширении социально-философских знаний о причинах возрождения и распространения римского права в современном мире, а также о характере трансформации правовых систем Казахстана и Кыргызстана в различные периоды истории, включая настоящее время.

**RESUME**

**of dissertation of Imanbaeva of Dina Nigmatullaevna on a theme: "Sociocultural transformation of the system of right in the conditions of Kazakhstan and Kyrgyzstan: comparativist approach", to the graduate degree of candidate of philosophical sciences presented on a competition on speciality 09.00.11. it is social philosophy**

Keywords: nomadic civilization, ordinary right, traditional society, in a civilized manner-civilization specific, Roman law, disintegration of Union, state, civil society.

A research object is a right as complex phenomenon of socially-spiritual vital functions of man, and by an object are varieties of right and conformity to law of their changing and fixing in cultures Kazakh and Kyrgyz people.

The aim of dissertation work is a socially-philosophical analysis of reasons and features of changing and fixing of the different systems of right in Kazakhstan and Kyrgyzstan with the use of method of socially-comparativist approach.

Methodological and theoretical basis of the dissertation following are historical, formally-logical and system methods of scientific cognition, socially-philosophical comparativist approach.

Scientific novelty of research: - character and degree of influence of the ancient Greek culture was certain on the system of right, arising up in an ancient period of history and known as the Roman law; - sociocultural terms and reasons of revival and successful distribution of the Roman law were educed on different in a civilized manner-civilization soils; - socially-historical reasons on that the Roman legal system gained a foothold and successfully develops in modern Kazakhstan and Kyrgyzstan were certain.

Recommendations on the use. Materials of dissertation, and also conclusions and positions the researches generalized in socially-philosophical conception can be drawn on at the analysis of modern legal and public processes in brotherly republics, at research of the problems related to the further becoming of institutes of right in Kazakhstan and Kyrgyzstan, and also in countries the CIS, experiencing the similar political and legal processes of modernisation.

Application domain. Research results can be applied in scientific researches consisting of deepening and spread of the socially-philosophical learning about reasons of revival and distribution of the Roman law in the modern world, and also about character of transformation of the legal systems of Kazakhstan and Kyrgyzstan in different periods of history, including present tense.

Форматы: 64х80/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75 б.т. Нускасы: 100

---

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru